ЭЛЕГИЯ

Сөзү: Жыпар Умарованыкы
Обону: Түмөнбай Колдошовдуку
20-октябрь 2009-жыл
Аткаруучу: Т.Колдошов, Айпери Кулбаева

Сагындыңбы?.. Мен да сагындым…
Кусалуу бир күнгө кабылдым.
Буйругу жок ушул тагдырга,
Таарындыңбы?.. Мен да таарындым…

Кайырма:

Жолугушуу болду арманым,
Жолукпайбыз эми ардагым.
Жолду карап эми издебе,
Жалгыз аяк жолдо калгамын.

Кыйналдыңбы?.. Мен да кыйналдым…
Мүдүрүлдүм бирок сынбадым.
Жүрөгүңдү эзип жалгыздык,
Унуттуңбу?.. Унуталбадым…

Кайырма:

Ыйладыңбы?.. Мен да ыйладым…
Өзүмдү-өзүм алдап кыйнадым.
Жанга баткан жалгыздык ырын,
Ырдадыңбы?.. Мен да ырдадым…

Кайырма: